
# МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ИНФРАСТРУКТУРА


## 1. DATA-БОРБОР

ОшМУнун Data-борбору 2017-жылы түзүлгөн. Университеттин чоң көлөмдөгү сан-арип жумуштарын тейлөө максатында , маалыматтарын сактоо жана иштетүү, ошондой эле сайттардын жана маалымат базаларын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу үчүн 20 даана кубаттуу Dell R740 үлгүсүндөгү серверлердин негизинде курулган.







## 2. КЫЗМАТТАР(СЕРВИСТЕР)




Томондогу кызматтарды аткарат:

- Башкаруу сервери;
- DNS – сервер;
- Файл сервер;
- Proxy сервер;
- Web-hosting – структуранын сайттары;
- Mail сервер – электрондук почта;
- AVN сервер – билим порталы;
- IBOOKS сервер – китеп окуу;
- FTP сервер;
- Thin Client сервер (100 орундуу);
- Электрондук документ сервери.

## 3. ИНТЕРНЕТ БАЙЛАНЫШ








- **Жалпы интернет байланыштын ылдамдыгы 1.5 *Gb/s*:**

  1.1. ElCat – 1 ***Gb/s***;

  1.2. КНОКС – 400 ***Mbit/s***


  1.3. Kyrgyztelekom 100 ***Mbit/s.***

## 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫ





Компьютердик кыргыз илим жана билим тармагы (КНОКС) келишиминин алкагында Кыргызстандын түштүгүндө биринчи болуп төмөндөгү кызматтарды пайдаланууга шарттар түзүлдү:

- **Eduroam** Wi-Fi түйүндөрүндө эл аралык роуминг кызматы зымсыз кең тилкелүү кирүүгө;
- **eduGAIN** - илимий ресурстарга кошулуу, глобалдык инфраструктура идентификация жана аутентификация технологияларына негизделген жумуштарга;
- **https://vc.krena.kg** аркылуу эл аралык видеоконференцияларды пайдаланууга;
- **G Suite for Education** – булуттук кызматтар **class room, google meet, google** чексиз диск орун, google формалары ж.б. дистанттык окуу үчүн кызматтарга;
- **Системалык администраторлор үчүн акысыз окутуу** жана квалификацияны жогорулатууга мүмкүндүк болду.



## 5. ЛОКАЛДЫК ТАРМАК

***ОшМУнун Интернет алуу жана таратуу ылдамдыгы 1 Gb/s.***




ОшМУнун 33 окуу корпустарынын арасындагы интернет тармагынын бөлүштүрүү ылдамдыгы **1 Gb/s**.

Учурда шаар ичинде жайгашкан окуу корпустарга туташтырылган була-оптикалык кабельдердин узундугу 45 км ден ашты .

Тармак окуу корпустарга төмөндөгүдөй кызматтарды аткарып жатат:




- Интернет;
- Wi-Fi;
- VoIP телефондук кызматы;
- Видеоконфереция;
- Видеокозомол;
- ж.б. кызматтар.

Кызматтар(сервистер)

## Материально –техникалык база ОшГУ

| № | Вопросы | |
|---|---|---|
| 1. | Количество лабораторий в Вашем вузе | 112 компьютерный класс |
| 2. | Количество студентов на 1 компьютер | 16 |
| 3. | Количество преподавателей на 1 компьютер | 2 |
| 4. | Какая скорость интернета в Вашем вузе (мбит/сек) | 1500 |
| 5. | Какой % территории Вашего университета покрывается Wi'Fi, включая общежития и кампус | 70% |

–

Интернет коомунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү (ISOC) менен түзүлгөн өз-ара кызматташуу келишиминин алкагында Кыргызстандын түштүк регионун жана Фергана өрөөнүн тейлеген санариптик трансформациянын концепциясын ишке ашырууну камсыз кылууда стратегиялык мааниге ээ болгон **локалдык Интернет алмашуу пункту (IXP) түзүлдү**. Бөлүштүргүч жабдыктар ОшМУнун Data-борборуна орнотулуп, билим берүү мекемелери жана жергиликтүү провайдерлердин ортосунда ишкердик мамилелердин институтун курууга шарт түзүлдү.

Лабораториялык комплекстер, компьютердик класстар, кошумча билим берүү жана дистанттык билим берүү борборлору, электрондук билим берүү ресурстарына, китепканаларга аралыктан кошулуу мүмкүнчүлүгү бар медиа-борбор, **интернетке эркин чыгуу (Wi-Fi) зоналары бар комплекстер** түзүлдү.

## Алдыдагы пландар:

Заманбап (5 жаштан улуу эмес) компьютердик жабдуулардын үлүшүн көбөйтүү менен компьютердик (тармактык) жабдуулар паркын түп-тамырынан жаңылоонун (2025 – ж. – 50%, 2026-ж. - 90%) эсебинен ЖОЖдун “Санариптештирүү” приоритеттине негизделген “санариптик жетилгендикке” жетүү үчүн заманбап компьютердик-технологиялык негиздерди камсыз кылуу жана 2026-жылга карата ар кандай адекваттуу технологияларды колдонууга мүмкүндүк берүүчү ЖОЖдун тармактык инфраструктурасын түзүү.

2023-2026-жылдарга “Коммерциализациялоо” стратегиялык приоритеттине ылайык Data-борбордун ресурстарын мекемелерге ижарага берүү (сактоо аянтчаларын, программалык жабдыктарды ж.б.), кызмат көрсөтүү (булуттук сервистер, серверлерин тейлөө, тармактарды, купуя каналдарды түзүп берүү, мекемелердин маалыматтарын сактоо, веб сайттарын тейлөө, программалык жабдыктарды иштеп чыгуу, өздүк тиркемелерге жарнамаларды жайгаштыруу ж.б.), интернеттин структураларга бөлүштүрүү ылдамдыгын **10 Gb/сек** жогорулатуу, булуттук компьютерлердин санын өстүрүү (кызматкерлерге мобильдик иштөөгө шарт түзүү, электр энергиясын үнөмдөө ж.б.) жана Кыргыз Республикасынын “жашыл” экономика принциптерине негиздеп Data-борборду жашыл технологияларды пайдалануу менен күн нурунан алынуучу электр станциясын куруу менен жабдуу пландалууда

Интернет коомунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү (ISOC) менен түзүлгөн өз-ара кызматташуу келишиминин алкагында, шаар ичиндеги жана региондордогу билим берүү мекемелерин Интернет тармактарынын ресурстарын бириктирүү, ресурстарды консолидациялоо менен **пиринг** тармагын түзүү максаты коюлууда.